
Мугалим журналына



Жала-Абад областынын Тогуз-Торо районунун Кош-Булак айылынын №12 Ыдырыс Кадыркулов атындагы жалпы билим беруучу орто мектебинин 3-классынын окуучусу Ибраимова Элмира Маратбековна «Бирге окуйбуз» долбоорунда




«Тынчтык корпусунун » волонтеру Виктория Молина Тогуз-Торо районунун Кош-Булак айылынын №12 Ыдырыс Кадыркулов атындагы жалпы билим беруучу орто мектебинде

Сканировано с CamScanner




№12 Ыдырыс Кадыркулов атындагы жалпы билим беруучу орто мектебинин 5-класстын окуучусу Жусуп кызы Нурзида райондун атынан «Президенттик балатыга » мыкты жетишкендиктери учун, президентибиз Жээнбеков Сооронбай Шариповичтин оз колунан белек алып келди. Нурзиданын келечеги кен болуп, буюрса президенттик стипендияларга ээ болсун.

Сканировано с CamScanner

КООМДУК-САЯСИЙ ГЕЗИТ
1946-жылдын декабрынан бери чыгып келе жатат
ЖЕҢИШ ТУУСУ

# ЖАҢЫ БИЛИМ – ЖАҢЫ КАДАМ

**Тогуз-Торо айыл аймагына караштуу алыскы Кош-Булак айылынын Ыдырыс Кадыркулов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинде "Жаңы билим – жаңы кадам" аттуу семинар болуп өттү.**




Бул башталгыч класстын окуучуларына сапаттуу билим берүүдөгү жаңылануу ыкмаларын жайылтуу, кенже балдардын окуу көндүмдөрүн жакшыртуу, интерактивдүү ыкмаларды жана технологияларды колдонуу менен окуучулардын ишмердүүлүгүн, билимдүүлүгүн арттырууну максат кылат. Семинарга райма-мадминистрация өкүлү Т.Карагулова, райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы Б.С.Иманбердиев, райондук билим берүү бөлүмүнүн окуу усулдук кабинет башчысы Т.Какаева, билим берүү бөлүмүнүн методисти Г.Оморова жана жалпы билим берүүчү орто мектептеринин мугалимдери катышты.

"Мугалимге таазим" аттуу темада жаш жеткинчек ийрими концерттик программа тартуулады. Андан соң "Акыл ордо" таймашы, математика сабагынан таймаш, дене тарбия сабагынан чака чапмай оюн сабак, "Келгиле окуйбуз" долбоорунун алкагында окуучулар ата-энелери менен биргеликте жомок сабактары өткөрүлдү. Андан соң англис тили кабинетинин ачылышы болду. Тынчтык корпусу тарабы-



нан ыктыярчы Виктория Молина менен англис тилчи мугалими Мухамбет кызы Мыскал долбоор жазып, 64 миң сом утуп алышкан. Долбоордун негизинде англис тили кабинети жасалгаланып, ыктыярчы В.Молина өз чыгармачылыгы менен өзгөчөлөнтүп сабакка керектелүүчү сү-




реттөрдү тартып кооздогон. Ыктыярчы Виктория Молина менен Мухамбет кызы Мыскал "Төрт форматтагы сабактын планын жана максатын коюу" тууралуу жана тренингдин SMART түрү боюнча мугалимдерге тренинг өтүштү. Бул тренингге катышкан мугалимдер Конкреттүү, Чемдүү, Жеткиликтүү, Актуалдуу деген топторго бөлүнүп максат жазууда жакшы жана жаман максаттарды аныктап, максатка жана алдыга койгон пландарына жетүүгө үйрөнүштү.

* * *

Мектеп парламенти "Бир адамдан бир китеп" акциясын уюштуруп, коомчулуктан мектептин фондуна 60 китеп тапшырды. Китепканачы Ж.Матиева заманбап жасалгалоо менен башталгыч класстын окуу куралдарын жана жомок




китептерин жасап, китепкананын көргөзмөсү болду. Бул китепканада жалпы 2633 китеп бар, анын ичинен окуу китептери 2131, көркөм адабият 330, усулдук колдонмо китептер 172, окуучулар 52 пайыз китеп менен камсыздалган. Ж.Матиеванын айтуусунда мектепте айына "Башат" дубал газетасын чыгарып, "Келгиле, окуйбуз" долбоорунун алкагында "Окурман үй-бүлө" ата-энелер менен биргеликте иштеп, мугалимдер менен тыгыз байланышта иштешип, "Бир адамдан бир китеп" акциясын мектеп парламенти менен биргеликте айыл элин кыдырып, окулбай калган китептерди чогулткан. Айыл тургундары китеп алууга акчалай жардам көрсөтүп, жалпы 14390 сомго китеп алынган. Жыйынтыгында раймамадминистрация өкүлү Т.Карагулова, билим берүү бөлүмүнүн башчысы Б.Иманбердиев, Т.Какаева, Г.Оморова ар бир мектептен келген мугалимдер семинардын өзгөчөлүгүн, өз ой-пикир, сунуштарын айтып өтүштү. Ыдырыс Кадыркулов атындагы орто мектебинде учурунда мыкты мугалимдер эмгектенип, азыр да районубуздан алыс жайгашкандыгына карабай, бул мектепте чыгармачыл жаш мугалимдер иштешерин, бардык сабакта окуучулардын активдүүлүгү белгиленди.

* * *


Ушуга эле улай мурунку жылы ачылган Акан Абдыманбетов атындагы химия-биология кабинетине 24 миң сомдук түстүү телевизорду жубайы Эркин Ясынова тапшырып, мектептин алдыңкы



окуучуларына стипендия тапшырууну билдирди.

*Жазгүл МАШАЕВА*

Сканировано с CamScanner



Предмети: Дене тарбия
Классы: 11
Программанын бөлүмү: Ордо
Сабактын темасы: Ордо оюнунун эрежелерин үйрөнүү
Сабактын тиби: Жаңы теманы өздөштүрүү
Сабактын формасы: интерактивдүү
Сабактын жабдылышы: чүкө, абалак
Физикалык чөйрө: атайын сырттагы спорт аянтча
Сабактын максаты:

| Сабактын максаттары | Күтүлүүчү натыйжа |
|---|---|
| 1. **Билим берүүчүлүк:** Окуучулар ордо эрежелери жөнүндө маалымат алышат. | ➢ Эгерде окуучулар: ордо оюнунун эрежелерин туур, так билишсе, аткара алышса; |
| 2. **Өнүктүрүүчүлүк:** Ордо оюнунда жасалган кыймыл-аракеттин ден соолукка болгон пайдалуу таасирин билип, талкуулашат. | ➢ Ордо эрежелеринин ар түрдүүлүгүн ажыратып айтып бере алышса;<br>➢ Ордо эрежелерин кайсыл учурда кантип колдонуу керектигин айырмалап көрсөтүп бере алышса; |
| 3. **Тарбия берүүчүлүк:** Ордо оюнунда жасалган кыймыл-аракеттин ден соолукка болгон пайдалуу таасири жана ордонун эрежелерин сактоо аркылуу жеңишке жетишүү мүмкүнчүлүгүнүн маанисин талдап, эреже бузуунун кесепетин биригип иштөө аркылуу чечмелешет. | ➢ Даярдоо бөлүгүндө катарга туруу, топторго бөлүнүү, капитан команданы эрежеге ылайыктап, шайлап алышса;<br>➢ Эрежелерди аткаруу учурунда кездешкен оң, терс көрүнүштөргө көз караштарын далил, мисал келтирип айта алышса;<br>➢ Эреже сакталбаса оюндан четтетилээрин билишсе;<br>➢ Ордо оюнунунда команда менен бирглешип иштөөнүн маанисин түшүнүшсө; |

Сканировано с CamScanner

**Сабактын жүрүшү:**

| Сабактын этаптары | Мугалимдин иш-аракети | Окуучунун иш-аракети | Компотенттүүлүктөр |
|---|---|---|---|
| Уюштуруу шактандыруу | Бир катарга тизилишет: Оңду карап түздөлүшөт. | Окуучулар ордо оюну учурундагы билген кызыктуу маалыматтарды айтышат,суроолорго жооп беришет. | |
| Сабактын максаты менен тааныштыруу | Сабактын максаты менен окуучуларды тааныштырат, окуучулардын суроосуна жооп берет. | Суроолору болсо беришет, талкуулашат. | |
| Үй тапшырма берүү | Үйгө берилген тапшырмалар боюнча суроолор берилет. | Үйгө берилген тапшырманы кайталашат, суроолорго жооп беришет. Тапшырманы аткаруу боюнча жоопкерчиликке ээ болушат. | |
| Жаңы теманы түшүндүрүү | Саламтсыздарбы балдар жана бүгүнкү сабакка катышып жаткан меймандар, эже- агайлар! Бүгүнкү өтө турган темабыз "Ордо оюну жана анын эрежелерин" үйрөнүү. "Ордо" оюну байыркы кыргыз элине таандык оюн. Бул оюндун тарыхына кеңири токтолуп өтсөк, бул ордо оюну Манастын бала чагына таандык. "Манас"эпосунун миң жылдыгы 1995-жылы өткөн болсо, ошондон бери 28 жыл болот экен, андан Манастын бала чагын чыгарсак, анда ордо оюнун келип чыгышына 1020 жыл болот деп эсептесек болот. " PISA-2025" изилдөөдө окуучулардын жогорку деңгээлде катышуусу үчүн дене тарбия сабагынын айрым бир бөлүктөрү, элементтери баланын ойлоосун өстүрүүгө таасирин берет. Дене тарбия сабагын бардык предметтер менен байланыштырып өтсөк болот. Мисалы, математика, геометрия, чийүү, тарых предметтери менен аралыштырып өтсөк болот. Балдар, азыр биз сабакты өтүдөн мурда ордо оюну кандай ойнолот жана кайсы жерде ойнолот, кантип ойнолот биз ошого даярданып алышыбыз керек. Азыр биз геометрия сабагынан пайдаланып жүргөн айлананы чийип алабыз. Айлананын жалпы радиусу жана аянты 360° ка барабар. Айлананы чийип алгандан кийин, кыргыз тил сабагында архаизм сөздөр башкача айтканда унутулуп калган сөздөргө кирген борборун же **"бырмырын"** таап алабыз. Бырмырын таап алгандан кийин, айлананын экинчи чийинин чийип алабыз.Айлананын биринчи чийини ордо ойной турган жери. Бырмырдан оң тарапка чийинге чейин 6м, сол тараптан чийинге чейин 6м, жалпы радиусу 12 метр болот. Балдар биз ордо оюнунун аянтчасын чийип алдык. Эми балдар ордо оюну эмне менен ойнолот, кыргыз эли бул оюнга кандай даярдык көргөн, биз ошого даярданып алабыз. Биринчи, биз ханды даярдап алабыз. Кыргыз элинде эл башкарган адамды хан деп аташкан. Бул оюндун дагы бир варианты стрaгетиялык мааниге да ээ деп да аташкан. Ханды мурун семиз койдун далысынын тунук жеринен жасашкан. Ал эми азыркы учурда спартакиада же болбосо " Ордо" федерациясында бир тыйынды колдонуп ойноп келишет. Ханыбыз даяр болду. Азыр биз бир тыйынды же ханды ортого коёбуз, андан сырткары чүкөлөрдү да даярдап алабыз. Бул оюнга республикалык спартакиада да жети оюнчу жана бир машыктыруучу катышат. Ошондо бир | | |

Сканировано с CamScanner

| | |
|---|---|
| | топто сегиз оюнчу жана экинчи топто да сегиз оюнчу катышат да жалпы он алты оюнчу болот. Ал эми областтык деңгээлде алты оюнчу жана бир машыктыруучу бир топ болот. Экинчи топто да алты оюнчу жана бир машыктыруучусу менен жети оюнчу болот дагы,жалпы он төрт оюнчу болот. Ар бир оюнчуга бештен чүкө таандык, ошондо он төрт оюнчуга жетимиш чүкө берилет. Жетимиш чүкөнүн экөөсү ханга таандык болот ошондо алтымыш сегиз чукө оюнга катышат.Чүкө негизинен бырмырга тизилет. Биринчи хан ташталат. Андан кийин хандын айланасына айлана түрүндө бардык чүкөлөр бөк болуп тизилет.<br>Балдар биз чүкөлөрдү да тизип алдык, эми биз ойной турган абалакты же томпойду даярдап алышыбыз керек. Ордо оюну региондордо ар түрдүү варианттарда ойноп келишет. Мисалы, Жумгал, Тогуз-Торо, Нарын, Ат-Башы, Ысык-Көл тарапта абалак менен ойноп келишет.Ал эми республикалык спартакиада томпой менен ойнотулат.<br>**Абалак эмнеден жасалат?** Абалак негизинен ата-бабаларыбыз текенин же аркардын мүйүзүнөн жасап келишкен.Ал эми кийинки мезгилдерде абалакты тексталдан жасап жүрүшөт. Колумдагы абалак мен бала кезимден пайдаланып келген, тексталдан жасалган абалак. Бул эки абалакты окуучулар текенин мүйүзүнөн, оз колдору менен жасап келишти. Бүгүнкү ордо оюнун ушул абалактар менен ойнойбуз.<br>Оюн эми ат калчоо менен башталат. Ат калчоодон мурун, эки топтун алыстан келген меймандары өздөрүнө ат тандайт, ат тандоодо туура тандагыла оң чүкөдөң болбойт, ошон үчүн сол чүкөдөн тандалат. Биринчи топтун топ башчысы келип тандайсыз, тандап алдыңызбы? Эми экинчи топтун топ башчысы келип тандаңыз. Тандап алган атыңыздарды жакшылап таанып алгыла. Эми ат калчап берүү үчүн, калыстыгы как жарган калысты чакырып алсак.<br>-Сиз, бул чүкөлөрдү өзүңүздүн боюңуздан бийик кылып калчайсыз, калчап жатканда кимдин аты топту аралап келип консо же топко тийип калса анда ал жарабайт. Ошондуктан топтон алысыраак, бирок чийиндин ичинде калчашыңыз керек. Биринчи топтун балбаны конду, келип карап таанып алыңыздар. Оюнду биринчи топ баштайт.<br>Эми балдар силерге түшүнүктү болсун үчүн, атуу эрежелеринен баштайлы. Сиздер эки топ тең ушул эки чийиндин ортосуна кошуңуздар керек. Баштоо эрежесин атуу эрежесинен баштасак. Атуу эрежеси атып жатканда абалак жана казык бош бутуңуз чийинди туура басып, казык бош бутуңуз бырмырга түздөп же болбосо туралатып атсаңыз, анда такыр туура болбой калат. Бутуңузду бырмырга үздөп туруп атууңуз керек.<br>-Атып көрүңүз. Аттыңыз.<br>Топ бузулду, чүкө чыккан жок бирок бир оюну кетти. Экинчи аткыч атты, чүкө чыгып кетти. Эми чүкөнү чогултууда, ошол топтун топту бузган оюнчу, оюнду баштаган гана топтун окуучулары чогултат. Ал эми экинчи топтун окуучулары эч убакта чүкөгө тийип чүкө чогултпаш керек. Эми сиз алдыгы чийин менен барып абалагыңызды алууга милдетүүсүз. Сиздин абалагыңыз эки чүкөнүн ортосунда калды. Ошондуктан чүкөлөрдү ортосунан кесип өтпөшүңүз керек. Айланып келип абалакты алып, кайра сыртка чыгып кетишиңиз керек.<br>-Абдан жакшы.Алдыңыз. Эми сиз дагы атууга милдеттүүсүз качан чүкө чыкпай калганга чейин атасыз.<br>-Аттыңыз, азаматсыз дагы бир чүкө чыкты. Абалакты алууда сиз эки жолу албашыңыз керек алгандан кийин бир колдон экинчи колго албашыңыз керек. Сиз кетип бара жатканда өнөктөшүңүз оюнду жыды кылды. Себеби, |

Сканировано с CamScanner

| | | | |
|---|---|---|---|
| | баарыңыздарга түшүнүктүү болуу үчүн мен сиздерге көрсөтүп берейин. Караныздар, сиз чүкө чыгарган маалда сиздин топтогу оюнчу колунда кармап жүргөн чүкөсүн чийиндин ичине түшүрүп жиберди.<br>Андан сырткары ордо оюнунда машыктыруучу жети оюнчуну ар тараптан машыктырып,даярдап келет. Биринчиси аткыч, топ бузар, экинчиси кадамакчы, үчүнчүсү бай чертмекчи,төртүнчүсү ичтен чапкан, бешинчиси тоорумай торуган оюнчуларды алып келет. Муну да сиздер эсиңиздерге алып коюшуңуздар абзел.<br>Азыр негизинен биздин окуучулар атууда көп каталарды кетирди, анткени быйылкы жылы жалпы райондук денгээлде ордо оюну жаңы кирип жаткандыктан оюндун эрежелерин жакшы үйрөнүп билише элек.<br>**Эми ичтен жыды эрежеси:** Эгер сиздер кадамак кадап атсаңыздар, кадамак кадап чүкө чыгып, ал эми абалагыңыз эки чүкөгө жетип калса, негизинен чен чийинден кырк сантиметр болот. Республикалык спартакиада да чен чийин кырк сантиметр болгондуктан, биз ошол нерсеге тууралап чийгенбиз. Азыр чүкө чыгып кетти. Абалак ичке түштү.<br>**Ичке түшүү эрежесин айтып берейин**. Казык бош бутту бүгүп отуруудан мурда биз чүкөлөрдү баамдап отурууга аракет кылышыбыз керек. Мадайдагы чүкөнү сүзбөш керек,эгер казык бош буттун башы чүкөдөн өтүп кетсе оюн жыды болот. Абалак алууда да абалак алуунун эрежелерин туура сактоо зарыл. Абалакты жерден таянып алууга, абалакты жерди таянып алсаңыз,же абалакты түртүп алып койсоңуз,абалакты колдон түшүрүп жиберсеңиз оюн жыды болот.Ал эми чертүүдө абалагыңыз топко жакын түшсө,сиз топту чаба албайсыз. Бир же үч чүкө чапкандан кийин топ чабууга уруксат берилет. Сабакты түшүндүңүздөрбү, Бул ордооюнду бир же эки сааттын ичинде түшүндүрүп бүтө албайбыз.Убакыттын тардыгына байланыштуу биз азыр чабуу жана атуу эрежесин сиздерге түшүндүрүп бердик. Оюндун эрежеси боюнча жеңүүчүлөрдү уткан чүкөлөрдүн саны менен аныктайбыз. Топ башчылары чүкөлөрду алып келип санайбыз. Биринчи топтун чүкөлөрүнүн саны 12, ал эми экинчи топтун чүкөлөрүнүн саны 10 болду, жыйынтыгында биринчи топ жеңүүчү болду. | | |
| Бышыктоо | Абалак деген эмне? Жыды деген сөздүн мааниси? | Окуучулар өтүлгөн темада түшунгөндөрү боюнча айтып, талкуулашат. | |
| Үй тапшырма берүү | "Ордо" оюнунун эрелерин билип келгиле | | |
| Окуучулардын билимин баалоо | Окуучулардын билимдерин баалайт | | |

Сканировано с CamScanner